**«БАКАЙ БАНК» ААКтын Директорлор кеңешинин**
**2024-жылдын 29-ноябрындагы**
**№75 протоколу**

# «БАКАЙ БАНК» ААКта ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮ САЯСАТЫ

## 1. Жалпы жоболор

1. «БАКАЙ БАНК» ААКтын Жеке маалыматтарды иштетүү саясаты (мындан ары – Саясат) субъекттин жеке маалыматтарын иштетүүдө алардын укуктарын жана эркиндигин камсыздоого багытталган жана ээси/иштетүүчү тарабынан автоматтык түрдө жана жөнөкөй түрдө жүргүзүлгөн бардык операцияларга тиешелүү болуп саналат.
2. Ушулу Саясат Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү мыйзамынын» 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын аткаруу үчүн иштелип чыккан, «БАКАЙ БАНК» ААКта (мындан ары – Банк) жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт жана https://bakai.kg/ru/about/complaints-suggestions/ сайтында форма аркылуу алынган маалыматтарга таасир этет.
3. Ушул Саясатта колдонулган негизги түшүнүктөр жана терминдер:

| | |
|---|---|
| **Жеке маалыматтар/Жеке мүнөздөгү маалыматтар** | Материалдык алып жүрүүчүгө сакталган конкреттүү бир адамды аныктай турган же конкреттүү бир адамды аныкташы мүмкүн болгон маалымат. Ал маалымат адамдын биологиялык, экономикалык, жарандык же социалдык идентүүлүгүнө таандык болгон бир же бир нече факторлорго шилтеме кылуу менен аны идентификациялоого мүмкүндүк берет. Жеке маалыматтарга биографиялык жана таанып билүүчү маалыматтар, жеке мүнөздөмөлөр, үй-бүлөлүк абалы, финансылык абалы, ден-соолугунун абалы ж.б. жөнүндөгү маалыматтар кирет. |
| **Жеке маалыматтардын тизмеси** | бир субъект жөнүндөгү маалыматтардын категорияларынын тизмеси |
| **Жеке маалыматтар массиви** | маалымат алып жүрүүчүнүн жана аларды иштетүүдө колдонулчу каражаттардын түрлөрүнөн (архивдер, картотекалар, электрондук маалымат базасы ж.б.) көз карандысыз түрдө бир канча субъекттердин жеке маалыматтарынын кайсы болбосун түзүмдөштүрүлгөн жыйындысы. |
| **Жеке маалыматтардын жалпыга жеткиликтүү массиви** | жалпы колдонуу үчүн арналган (маалымдамалар, телефон китепчелери, даректердин китептери ж.б.), аларга карата жеткиликтүүлүк мыйзам тарабынан чектелбеген жеке маалыматтардын массиви |
| **Жеке маалыматтардын купуялуулук режими** | жеке маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн, берилишин, сунушталышын жана сактоо шарттарын аныктай турган белгиленген эрежелер |
| **Жеке маалыматтардын субъекти (субъект)** | жеке маалыматтар тиешелүү болгон жеке адам |
| **Жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээлик кылуучу)** | Жеке маалыматтардын максатын, категорияларын аныктоо жана жеке маалыматтардын Мыйзамга ылайык топтолушун, сакталышын жана колдонулушун контролдоо боюнча ыйгарым укуктар жүктөлгөн мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жана юридикалык жактар. |

| | |
|---|---|
| **Иштетүүчү** | жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан аныкталган, аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде жеке маалыматтарды иштетүүнү жүзөгө ашыруучу жеке адам же юридикалык жак |
| **Жеке маалыматтарды алуучу** | КР мыйзамына ылайык жеке маалыматтар берилген мамлекеттик бийлик органы, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, юридикалык жактар жана жеке адамдар, ошондой эле жеке маалыматтын субъекти (субъект) |
| **Жеке маалыматтарды топтоо** | Жеке маалыматтардын субъекттеринен же башка булактардан жеке маалыматтардын ээси тарабынан ошол маалыматтарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алуу жол-жобосу. |
| **Жеке маалыматтарды иштетүү** | Ыкмалардын түрүнөн көз карандысыз түрдө автоматтык каражаттар аркылуу же андай эмес жол менен жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, бөлүштүрүү, тосмолоо, өчүрүү жана бузуу максатында жеке маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан же анын тапшырмасы боюнча аткарылуучу кайсы болбосун операция же операциялардын топтому |
| **Жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугу** | адамдын КР мыйзамдарында каралган формада эркин, конкреттүү, толук жана аңдап билүү менен өз эркин билдирүүсү, ага ылайык, субъект өзүнүн жеке маалыматтарын иштетүү менен байланышкан жол-жоболордун ишке ашуусуна макулдугун берет. |
| **Жеке маалыматтарды өткөрүп берүү** | Жеке маалыматтарды кармоочулар (ээлери) тарабынан жеке маалыматтардын үчүнчү жактарга КР мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык берилиши. |
| **Жеке маалыматтарды транс чек аралык өткөрүп берүү** | Жеке маалыматтарды кармоочулар (ээлери) тарабынан жеке маалыматтардын башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы кармоочуларга берилиши. |
| **Жеке маалыматтарды акуталдаштыруу** | Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары аркылуу белгиленген жол-жоболорго ылайык, жеке маалыматтарга өзгөртүүлөрдү ыкчам киргизүү |
| **Жеке маалыматтарды тосмолоо** | жеке маалыматтардын берилишин, такталышын жана жок кылынышын убактылуу токтотуу |
| **Жеке маалыматтарды жок кылуу (өчүрүү же бузуу)** | жеке маалыматтарды кармоочунун (ээсинин) ошол маалыматтардын мазмунун калыбына келбей тургандай абалга келтирген аракеттери. |
| **Жеке маалыматтарды жеке белгисинен ажыратуу** | жеке маалыматтардын конкреттүү адам менен байланыштырууга мүмкүндүк берүүчү бөлүгүн алып салуу |
| **Жеке маалыматтардын маалыматтык системасы** | маалыматтардын базаларында камтылган жана алардын маалыматтык технологияларда жана техникалык каражаттарда иштетилишин камсыздоочу маалыматтардын жыйындысы |

4. Жеке маалыматтардын субъекттеринин негизги укуктары жана милдеттери:
   1) Жеке маалыматтардын субъекттери төмөнкүлөргө укуктуу:
      - Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан иштетилүүчү жеке маалыматтары тууралуу толук маалыматтарды алууга;

- жеке маалыматтарга жеткиликтүүлүк алууга, кайсы болбосун жазуунун көчүрмөсүн алууга, Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү” мыйзамында каралган учурлардан тышкары;
- жеке маалыматтарды тактоого, жеке маалыматтар толук эмес, эскирген, так эмес, мыйзамсыз алынган же иштетүүнүн максаты үчүн зарыл эмес болсо, аларды тосмолоого же жок кылууга;
- өзүнүн укуктарын коргоо боюнча мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, ошондой эле жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

2) Жеке маалыматтардын субъекттери төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кармоочуга/Иштетүүчүгө өзү жөнүндөгү так маалыматтарды гана берүүгө;
- иштетүүнүн максаты үчүн зарыл болгон өлчөмдөгү жеке маалыматтарды камтыган документтерди берүүгө;
- Кармоочуга/Иштетүүчүгө өзүнүн жеке маалыматтарынын такталгандыгы (жаңыртылгандыгы, өзгөргөндүгү) тууралуу билдирүүгө.

5. Кармоочунун/Иштетүүчүнүн негизги укуктары жана милдеттери:

1) Кармоочу/Иштетүүчү төмөнкүлөргө укуктуу:

- жеке маалыматтардын субъекттеринен анык маалыматтарды жана/же жеке маалыматтарды камтыган документтерди алууга;
- субъект тарабынан берилген жеке маалыматтарды тактоого.

2) Кармоочу/Иштетүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жеке маалыматтарды Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндөгү” мыйзамында белгиленген тартипте иштетүүгө;
- жеке маалыматтардын субъектинин жеке маалыматтардын бар экендиги жана мазмуну боюнча суроолорун карап чыгууга жана өтүнүч берилген учурдан баштап 7 күндөн ашпаган убакытта жооп берүүгө;
- жеке маалыматтардын субъектине өзүнүн жеке маалыматтарына карата жеткиликтүүлүктү акысыз сунуштоого;
- жеке маалыматтардын субъектинин кайрылуусуна байланыштуу жеке маалыматтарды актуалдаштыруу боюнча чараларды көрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, жеке маалыматтардын корголушун уюштурууга;
- жеке маалыматтардын субъекти өзүнүн жеке маалыматтарын бергенге чейин чогултулчу маалыматтардын тизмеси менен, аларды топтоонун негизи жана максаты менен тааныштырууга, жеке маалыматтардын үчүнчү тарапка берилиши мүмкүн экендиги, ошондой эле жеке маалыматтардын башкача колдонулушу мүмкүн экендиги тууралуу билдирүүгө.

6. Кармоочу/Иштетүүчү субъект берген жеке маалыматтарды кандай формада болбосун коммуникациялоодо ушул Саясатка жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонот жана сактайт.

## 2. Иштетилүүчү жеке маалыматтардын өлчөмү жана категориялары, жеке маалыматтардын субъекттеринин категориясы

7. Кармоочу/Иштетүүчү жеке маалыматтардын төмөнкүдөй субъекттеринин жеке маалыматтарын иштетет – Арыз берүүчү.

8. Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан иштетилүүчү жеке маалыматтарга төмөнкүлөр кирет:

- Аты-жөнү;
- телефон номери;
- почталык дареги жана индекси (жооп почта байланыш бөлүмү аркылуу жөнөтүлгөн учурда);

– жеке маалыматтардын субъектин идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү башка маалыматтар;

Сүрөт - Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан иштетилүүчү жеке маалыматтардын атайын категориясына кирет

9. Кармоочу/Иштетүүчү иштетилүүчү жеке маалыматтардын мазмуну жана көлөмү иштетүүнүн белгиленген максаттарына дал келүүсүн камсыздайт, ал эми иштетүүнүн белгиленген максатынан ашык болгон учурда аларды четтетүү боюнча чараларды көрөт.

10. Обработка специальных категорий персональных данных, раскрывающих расовое или этническое происхождение, национальную принадлежность, политические взгляды, религиозные или философские убеждения, а также касающихся состояния здоровья и интимной жизни, Держателем/Обработчиком не осуществляется в строгом соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «Об информации персонального характера». Жеке маалыматтардын расалык, этникалык тийиштүүлүгүн, улутун, саясий көз караштарын, диний жана философиялык көз караштарын, ошондой эле ден-соолугун жана интимдик жашоосун ачыктоочу атайын категорияларын иштетүүнү Кармоочу/Иштетүүчү Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү» мыйзамынын 8-беренесине ылайык жүргүзөт.

11. Жеке маалыматтардын тизмеси жана жеке маалыматтардын субъекттеринин категориялары Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан кайра каралышы мүмкүн. Мындай учурда ушул Саясатка өзгөртүүлөр киргизилип, жеке маалыматтардын субъектине кайсы болбосун жеткиликтүү ыкма (расмий сайт, жарыя, пуш-билдирүү, электрондук почтага билдирүү жөнөтүү ж.б.) аркылуу билдирилет.

## 3. Жеке маалыматтарды топтоонун максаты

12. Кармоочу/Иштетүүчү жеке маалыматтарды төмөнкүдөй алдын ала белгиленген мыйзамдуу максаттарда иштетет:

1) даттануулары/кайрылууларды иштетүү – жеке маалыматтар Банктын кызмат көрсөтүүсүнө карата даттанууларды/кайрылууларды карап чыгуу үчүн колдонулат. Буга даттанууну/кайрылууну алуу, талдоо жана жооп берүү камтылат.
2) сунуштарды иштетүү – жеке маалыматтар Банктын кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу же өзгөртүү тууралуу субъекттерден келип түшкөн сунуштарды иштетүү үчүн колдонулат;
3) ыраазычылыкты иштетүү – субъекттердин жеке маалыматтары Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн ыраазычылыкты кабыл алуу жана ачык жарыялоо үчүн колдонулат.

## 4. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздери

13. Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү» мыйзамынын жоболору Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан жеке маалыматтардын иштетилиши үчүн укуктук негиз болуп саналат.

## 5. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн тартиби жана шарттары

14. Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан жеке маалыматтардын иштетилиши өзүнө ыкмалардын түрүнөн көз карандысыз түрдө автоматтык каражаттар аркылуу же андай эмес жол менен жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, бөлүштүрүү, тосмолоо, өчүрүү жана бузуу максатында жасалган операцияны же операциялардын топтомун камтыйт.

15. Кармоочу/Иштетүүчү жеке маалыматтарды жеке маалыматтардын субъектинин макулдугун (мындан ары – Макулдук) алгандан кийин иштетет (жеке маалыматтарды иштетүү андай макулдук алынбастан эле жүргүзүлүшү мүмкүн деп мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары).

16. Жеке маалыматтардын субъектине кабарлоо ыкмалары:

– SMS-билдирүүлөр;
– электрондук почта;
– башкасы.

17. Жеке маалыматтардын субъекти өзүнүн жеке маалыматтарын берүү жөнүндө чечимин кабыл алат жана аны кагазда жазылган түрдө же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык электрондук кол тамга коюлган электрондук документ формасында сунуштайт.

18. Жеке маалыматтарды иштетүүнүн максатына жетиши, жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, ошондой эле жеке маалыматтардын укукка каршы иштетилишин таап чыгуу – жеке маалыматтарды иштетүүнүн токтотлушунун шарты болуп саналат.

19. Кармоочу/Иштетүүчү иштетүүнүн максатын жетүү үчүн жеке маалыматтын субъекти макулдугун берсе, жеке маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө укуктуу, мындай учурда жеке маалыматтарды алуучуга ошол маалыматтардын купуялуулугунун сакталышы боюнча милдет жүктөлөт.

20. Кармоочу/Иштетүүчү жеке маалыматтарды иштетүүдө жеке маалыматтарды мыйзамга каршы келген же кокустуктан болгон жеткиликтүүлүктөн, жок болуудан, өзгөрүүдөн, тосмолонушунан, көчүрмөлөнүшүнөн, жайылтылышынан, ошондой эле аларга карата башка мыйзамсыз аракеттердин болуусунан коргоо үчүн тийиштүү укуктук, уюштуруучулук жана техникалык чараларды кабыл алат же кабыл алынышын камсыз кылат.

21. Жеке маалыматтар аларды топтоонун масатынын аткарылышы үчүн керек болгон мезгилден ашык сакталбашы керек. Сактоо мөөнөтү жеке маалыматтардын субъектинин кызыкчылыгында гана же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурда узартылышы мүмкүн.

## 6. Жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, оңдоо, жокко чыгаруу жана жок кылуу, жеке маалыматтардын субъектинин жеке маалыматтарга карата жеткиликтүүлүк берүү жөнүндөгү сурамдарына жооптор

22. Жеке маалыматтар анык эмес экендиги же аларды иштетүү мыйзамга каршы келери жөнүндө факт аныкталган учурда, ошондой жеке маалыматтарды топтоонун, сактоонун жана иштетүүнүн мыйзамдуулугуна жараша жеке маалыматтар Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан актуалдаштырылууга, тосмолонууга жана жок кылынууга жатат же аларды иштетүү токтотулушу керек.

23. Жеке маалыматтар анык эмес болгон же аларды иштетүү мыйзамга каршы келген факт орун алганда, жеке маалыматтардын субъекти Кармоочунун/Иштетүүчүнүн дарегине же жеке маалыматтар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кайрылууга укуктуу.

24. Кармоочулар/Иштетүүчүлөр жеке маалыматтардын субъектинин жазуу жүзүндөгү сурамы боюнча жеке маалыматтардын иштетилиши боюнча маалыматты билдирүүгө милдеттүү, ал маалыматта төмөнкүлөр камтылышы керек:

- жеке маалыматтар Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан иштетилип жаткандыгы тууралы факт;
- жеке маалыматтарды иштетүүнүн укуктук негиздери жана максты;
- жеке маалыматтарды иштетүүнүн Кармоочу/Иштетүүчү тарабынан колдонулган ыкмалары жана максаты;
- Кармоочунун/Иштетүүчүнүн жайгашкан жери жана аталышы, жеке маалыматтарга жеткиликтүүлүккө ээ адамдар, же Кармоочу/Иштетүүчү менен түзүлгөн келишимге ылайык же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жеке маалыматтар берилиши керек болгон адамдар тууралуу маалыматтар (Кармоочунун/Иштетүүчүнүн кызматкерлеринен тышкары);
- тиешелүү субъекттин жеке маалыматтарына тиешелүү болгон, иштетилүүчү жеке маалыматтар, алар алынган булактар;
- жеке маалыматтарды иштетүү мөөнөтү, ошондой эле алардын сакталыш мөөнөтү;
- жеке маалыматтардын субъектинин жеке маалыматтарды актуалдаштыруу, тосмолоо жана жок кылуу маселелери боюнча өз укуктарын жүзөгө ашыруу тартиби;
- маалыматтарды транс чек аралык өткөрүлүп берилгендиги же өткөрүп берүү болжолдонуп жаткандыгы тууралуу маалымат;

25. Эгерде субъект суралып жаткан маалыматка карата жеткиликтүүлүккө ээ эмес болсо, анда ага негизделген баш тартуу жөнөтүлөт.

26. Жеке маалыматтарды топтоо өз максатына жеткенден кийин жана сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин алар эки жуманын ичинде жок кылынышы керек. Жок кылуу акты менен тастыкталат, анын көчүрмөсү жеке маалыматтардын субъектинин жазуу жүзүндөгү сурамы боюнча ага берилет.

## 7. Корутунду жоболор

27. Жеке маалыматтарды иштетүүгө тиешелүү болгон, ушул Саясатта көрсөтүлбөгөн бардык маселелер Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү” мыйзамынын жоболоруна ылайык жөнгө салынат.

28. Кармоочу/Иштетүүчү ушул Саясатка өзгөртүү киргизүүгө укуктуу. Өзгөртүүлөр киргизилген учурда актуалдуу редакцияда акыркы жаңыртылган дата көрсөтүлөт. Саясаттын жаңы редакциясы таанышып чыгуу үчүн эркин жеткиликтүүлүктө жарыяланган учурдан баштап күчүнө кирет, мында пландаштырылып жаткан өзгөртүүлөр тууралуу Саясаттын жаңы редакциясы жарыялангaнга чейин 14 жумуш күн мурда алдын ала милдеттүү түрдө жарыяланышы шарт.

29. Ушул Саясат бир жылда кеминде бир жолу же Кыргы Республикасынын жеке маалыматтар жөнүндөгү мыйзамдарыны өзгөртүүлөр киргизилген учурда кайра каралууга жатат.

30. Жеке маалыматтарды иштетүү саясаты, ошондой эле ага киргизилчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилип, төмөнкү таблицада көрсөтүлөт: